J.G. Menzies, D.L. Ehret, C. Koch, J.W. Hall, K.A. Seifert, J. Bissett жана D.J.S. Barr аттуу окумуштуулар бадыраңдын тамырларына байланышкан козу карындарды ар кандай топураксыз күнөскана субстраттарында изилдөө жүргүзүшкөн. Алардын изилдөөсү күнөскана өсүмдүктөрүнүн тамыр аймагындагы экологияны түшүнүү, ошондой эле тамыр ооруларына каршы биологиялык күрөш жүргүзүү үчүн маанилүү болгон [20].

Изилдөө учурунда 1250 козу карын изоляцияланган жана алар топуракта, жыгачтарда же азыктык пленкада өстүрүлгөн бадыраңдардын тамырларынан алынган. Топуракта өстүрүлгөн тамырларда козу карындардын жыштыгы башка

субстраттарга салыштырмалуу жогору экени аныкталган. Тамырларда эң көп кезиккен уруулар *Penicillium* (87.2%), *Trichoderma* (4.6%) жана *Pythium* (3.0%) болгон. Эн көп кездешкен түрлөр *Penicillium oxalicum* (69.9%) жана *Penicillium janthinellum* (13.4%) болуп чыккан [20].

Мындан тышкары, *Pythium* түрлөрү (*Pythium aphanidermatum* жана *Pythium irregulare*) да соо бадыраң тамырларынан изоляцияланган, бирок алардын айрымдары, өзгөчө *Pythium aphanidermatum*, бадыраңдын уругуна жаңы бүтүн өсүмдүктөргө патогендик таасирин тийгизген.

*Penicillium* түрлөрү менен уруктарды иштетүү өсүмдүктөрдүн сабагынын узундугун, тамыр узундугун жана жалпы салмагын жакшыртканы аныкталган. Ошондой эле, *Penicillium janthinellum* жана *Aspergillus* түрүнүн айрым изоляциялары *Pythium aphanidermatu*m менен жабыркаган чөйрөдө өскөн бадыраңдын көчөттөрүнүн жашоо деңгээлин жакшыртканы белгиленген [20].

Karimi, K., Amini, J., Harighi, B., & Bahramnejad, B. аталган окумуштуулар *Pseudomonas* 6 изолятын жана *Bacillus* 6 изолятынын антагонисттик касиеттерин, *Fusarium oxysporum* f. sp. *ciceris* патогенине каршы биологиялык көзөмөл агенттери катары лабораториялык жана ачык талаада жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө баалаган [17].

Козу карындын өсүүшүн Петри чөйчөктөрүндө жүргүзгөн, ар бир изолят протеаза, сидерофор, цианид суутек, индол-3-уксус кислотасы (IAA), антифунгалдык учуучу жана тышкы кошулмаларды өндүрүү жөндөмү боюнча текшерилген [17].
In vitro шарттарында жогорку антагонисттик активдүүлүгүн көрсөткөн 12 изолят тандалып алынган, бул перпендикуляр (dual-culture) ыкмасынын жыйынтыгында козгогучтун өсүүсүн басаңдатуу зоналары аркылуу аныкталган. Фенотиптик касиеттерине жараша төмөнкү изоляттар аныкталган:
*Bacillus subtilis* (B1, B6, B28, B40, B99, B108)
*Pseudomonas putida* (P9, P10)
*Pseudomonas aeruginosa* (P11, P12, P66, P112) [17].

Бактериялык изоляттардын цианид суутек, сидерофор, протеаза жана индол-3-укссус кислотасын (IAA) өндүрүү жөндөмү ар түрдүү болгон. Күнөскана шарттарында бактериялык штаммдардын биоконтроль активдүүлүгү жана өсүмдүктүн өсүшүн стимулдоо таасири бааланган. Талаа сыноолорунда *Pseudomonas aeruginosa* (P10, P12), *Bacillus subtilis* (B1, B6, B28, B99) жана *Pseudomonas aeruginosa* (P12, B28) изоляттары дарыланбаган варанттарга караганда (15,8–44,8%) жогору коргоону камсыздаган ($P \leq 0.05$) [17].

Дагы бир изилдөө Estifanos Tsegaye Redda, Jing Ma ж.б тарабынан жүргүзүлгөн жана Кытай Айыл чарба илимдер академиясынын, Өсүмдүктөрдү коргоо институтунда ишке ашырылган. Алардын изилдөөсүндө *Trichoderma* түрлөрүнүн жергиликтүү изоляттарынын бадыраң өсүмдүктөрүнүн өсүү жана түшүмдүүлүк параметрлерине тийгизген таасири, ошондой эле күнөсканаларда *Fusarium wilt* илдетин башкаруудагы натыйжалуулугу изилденген [21].

Изилдөөнүн алкагында Ички Монголиянын ар кайсы географиялык аймактарынан алынган жайыт жана токой топурактарынан *Trichoderma* түрүнүн 90 изоляттары бөлүнүп алынган. Бул изилдөөдө *T. harzianum* жана *T. atroviride* (T1ден T11ге чейин) колдонулуп, алардын *Fusarium wilt* илдетинин таралышын токтотуудагы натыйжалуулугу белгиленген. Айрыкча T1 жана T2 изоляттары бадыраң өсүмдүктөрүнүн боюн 13-14 смге чейин өстүрүүдө өзгөчө натыйжа көрсөткөн. Ошондой эле T27 жана T17 изоляттары тамырлардын жана сабактын салмагын кыйла көбөйткөн [21]. Ошентип, бул изилдөөнүн жыйынтыгында T1ден T11ге чейинки изоляттар *Fusarium oxysporum* f.sp. *cucumerinum* илдетине каршы эң натыйжалуу биологиялык күрөшүү каражаты катары аныкталган жана аларды туруктуу илдет башкаруу программаларында колдонууну кеңири изилдөө сунушталган [21].

Бул изилдөөдө Smith, L., & Robinson, T.  *Fusarium oxysporum* f. sp. r*adicis-cucumerinum* козгогон бадыраңдын тамыр жана сабак чиригинин белгилерин, өнүгүү шарттарын жана көзөмөлдөө ыкмаларын сүрөттөшөт. Бадыраңда алгачкы белгилер себилгенден кийин алты-сегиз жума өткөндөн кийин сабактын түбүндө ачык сары тактар түрүндө пайда болот. Бул тактар кеңейип, тамыр жана сабак

чиригине алып келет. Оору өрчүгөн сайын, козу карын сабактын кабык ткандарын бузуп, сабактын сыртында кызгылт-сары түстөгү спора массалары же пахта сымал мицелий өсүшү байкалат. Жогорку температурада жана көп мөмө берген өсүмдүктөрдө күрөң түскө айланып, өлүмгө келген [25].

О.Н. Орлова 2015-жылы теплицаларда өстүрүлгөн бадыраңдарды коргоо боюнча Россиянын илимий-изилдөө институтунда бадыраңдарды коргоо боюнча илимий иш жасаган. Анын максаты – күнөсканаларда өстүрүлгөн бадыраңдарды фузариоздук чириктен коргоонун биологиялык ыкмаларын иштеп чыгуу болгон [39].

Изилдөөнүн негизги тапшырмалары төмөнкүлөрдү камтыган: Фузариоздук чириктин пайда болушуна себепчи болгон козу карындардын түрлөрүн жана алардын өнүгүү динамикасын аныктоо;
Түрдүү гибриддик бадыраң сортторунун илдеттерге туруктуулугун жана түшүмдүүлүгүн баалоо;
Өстүрүүчү жана жөнгө салуучу заттардын жана жер семирткичтердин таасирин изилдөө;

*Pseudomonas* жана *Bacillus* негизиндеги микробиологиялык препараттардын ооруларды азайтуудагы натыйжалуулугун текшерүү; Иштелип чыккан коргоо ыкмаларынын экономикалык жактан пайдалуулугун баалоо [39].

Изилдөөсүнүн илимий жаңылыгы катары Орлова күнөсканаларда өстүрүлгөн гибриддик бадыраңдардын фузариоздук чирикке болгон туруктуулугун аныктаган. Ошондой эле *Bacillus subtilis* бактериясына негизделген биопрепараттардын өсүмдүктөргө болгон таасири терең изилденген. Орлова *Bacillus subtilis* жана өсүүнү жөнгө салуучу заттарды колдонуу менен бадыраңдардын илдеттерне туруктуулугун жогорулатуунун эффективдүү ыкмаларын иштеп чыккан. Ал сунуштаган методдор экологиялык жактан коопсуз жана түшүмдүүлүктү жогорулатууга өбөлгө түзөт [39].

Мындан сырткары Россиялык окумуштуулар *Bacillus subtilis* менен бадыраңды коргоо боюнча илимий иштерди жүргүзүшкөн.

Бир катар илимпоздор *Bacillus subtilis* бактериясынын бадыраң жана помидор өсүмдүктөрүн фузариоздук чириктен коргоодогу таасирин изилдешкен.

Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары катары, *Bacillus subtilis* биопрепараты колдонулган учурда өсүмдүктөрдүн илдеттерге чалдыгуу деңгээли 73%га чейин төмөндөгөн. Бактериялар өсүмдүктөрдүн иммундук системасын активдештирип, өсүү ылдамдыгын жана түшүмдүүлүгүн жогорулаткан. Изилдөөнүн жыйынтыгында *Bacillus subtilis* бактерияларын теплицаларда химиялык препараттардын ордуна экологиялык коопсуз альтернатива катары колдонсо болору аныкталган [37].

"*Bacillus subtilis* бактериясынын фузариоздук чирикке каршы коргоочу таасири" аттуу изилдөөсүндө Блинов А. Г. жана Иванов В. А. (1997) *Bacillus subtilis* бактериясынын фузариоздук чирикке каршы коргоочу таасирин изилдеген. Алар бул бактериянын фитопатогендик козгогучтарга каршы антагонисттик активдүүлүгүн баалап, аны өсүмдүктөрдү биологиялык коргоо максатында колдонууга мүмкүнчүлүгүн аныктоону максат кылышкан [35]. Изилдөөчүлөр алгач *Bacillus subtilis* бактериясынын штаммын изоляциялап, аны лабораториялык шарттарда өстүрүшкөн. Андан соң бул бактериянын *Fusarium oxysporum* козгогучуна карата антагонисттик активдүүлүгү Петри идиштеринде бааланган. Тажрыйбалар теплицалык шарттарда улантылып, бактериялык препараттын бадыраң өсүмдүктөрүн фузариоздук чириктен коргоодогу натыйжалуулугу текшерилген [35]. Изилдөөнүн натыйжалары *Bacillus subtilis* бактериясынын фузариоздук козгогучтарга каршы жогорку антагонисттик активдүүлүгүн тастыктаган. Лабораториялык анализдер көрсөткөндөй, бактерия *Fusarium oxysporum* козгогучунун өсүшүн 85% га чейин басаңдаткан. Күнөсканалык тажрыйбаларда биопрепарат менен иштетилген өсүмдүктөрдүн 70-80% фузариоздук чирикке чалдыккан эмес. Андан тышкары, бактерия өсүмдүктөрдүн иммундук реакциясын күчөтүп, коргонуу механизмдерин активдештирген. Бул түшүмдүүлүктүн 25% га чейин жогорулашына өбөлгө түзгөн. Изилдөөчүлөр

*Bacillus subtilis* негизиндеги биопрепараттарды химиялык фунгициддерге экологиялык альтернатива катары сунушташкан [35].

Блинов А. Г. жана Иванов В. А (1997) жүргүзгөн изилдөө *Bacillus subtilis* бактериясынын фузариоздук чириктин козгогучтарына каршы жогорку биологиялык активдүүлүгү бар экенин далилдеген. Алар бул бактерияны айыл чарбада биопрепарат катары колдонуу илдеттердин алдын алуунун натыйжалуу жана экологиялык таза жолу экенин белгилешкен [35].

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

## МАТЕРИАЛДАР ЖАНА ЫКМАЛАР

### 3.1. Материалдар

Изилдөөнүн негизги материалы катары Чүй облусуна караштуу Кара-Балта, Беловодский, Александровка, Садовое, Сокулук, Вознесеновка жана Озерный аймактарынан бадыраң өстүрүлгөн күнөсканаларынан чогултулган бадыраң тамырлары жана бул тамырлардан алынган изоляттардан бөлүнүп чыккан *Fusarium spp.* изоляттары колдонулган. Илдетке чалдыккан тамырлардан изоляция жасоо үчүн картошка-декстроза агары (КДА - 39 гр даяр порошок, 1000мл -дист. суу) жана синтетикалык азык чөйрө (1 гр - $KH_2PO_4$, 1гр - $KN0_3$, 0,5 гр - $MgSO_4.7H_2O$, 0,5 гр- KCI, 0,2 гр- глюкоза, 0,2 гр-сахароза; 1000мл дистр суу) колдонулган. Бактериялардын өсүшүн токтотуу үчүн 0,2 г/литр концентрациясындагы тетрациклин сульфаты колдонулган. Лабораториялык иштерде 9 см диаметри чоң Петри идиштери жана 6 см диаметри кичинекей Петри идиштери, пипеткалар жана башка лабораториялык жабдуулар, тараза, магниттик аралаштыргыч, козу карындын морфологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө үчүн Novel микроскобу, изоляттардын өсүшү үчүн инкубатор (N-BIOTEK – 2201 LF), муздаткыч, патогендик тесттер үчүн бадыраңдардын “Хабар”, “Вязниковский” жана “Гавриш” гибриддик сорттору колдонулган.

### 3.2. Ыкмалар

#### 3.2.1. Күнөсканалардан бадыраң тамыр үлгүлөрүнүн чогултулушу

Чүй областынын дыйкандарынан сурамжылоо маалыматтарына ылайык бадыраң өстүрүү боюнча күнөсканаладын саны эң көп аймактар аныкталган. Садовое, Беловодский, Кара-Балта, Александровка, Сокулук, Александровка, Вознесеновка жана Озерный айылдарында бадыраң өстүрүлгөнү билинген. Тамыр чирик илдеттине шектенген бадыраң тамырларынын үлгүлөрү жалпы 30 күнөсканалардан үлгүлөө ыкмасы [3] боюнча  алынган  (Таблица 3.1).

Ар бир күнөсканадан 3 төн оорулуу бадыраң тамырлары алынып, жалпысынан тамыр чиригине күмөн саналаган белгилерди көрсөткөн 87 бадыраң тамырлары

чогултулган (Фотография 3.1). Үлгүлөрдө оору белгилери байкалган түйүндөр полиэтилен баштыктарга салынып, белгиленген. Изоляция жасалганга чейин үлгүлөр +4°C температурада муздаткычта сакталган.

**Таблица 3.1.** Чүй облусунун аймактарында бадыраң тамыр үлгүлөрү чогултулган айылдар

| **Аймак** | **Күнөскана** | **GPS маалымат** | **Чогултулган бадыраң тамырларынын саны** | **Изолят коду** | **Изолят саны** |
|---|---|---|---|---|---|
| Кара-Балта | 1 | 42.817818, 73.860843 | 3 | T1.1 | 5 |
| | 2 | 42.782032, 73.850843 | 3 | T2.1 | 5 |
| | 3 | 42.781217, 73.854625 | 3 | T3.1 | 5 |
| Вознесеновка | 4(2) | 42.831799, 73.791379 | 6 | T4.1<br>T4.2 | 10 |
| Беловодский | 5(2) | 42.835767, 74.113430 | 6 | T5.1<br>T5.2 | 10 |
| Александровка | 6 | 42.863357, 74.222595 | 3 | T6.1 | 5 |
| | 7(2) | 42.856901, 74.232767 | 6 | T7.1<br>T7.2 | 10 |
| | 8(2) | 42.848596, 74.240037 | 6 | T9.1<br>T9.2 | 10 |
| Сокулук | 9 | 42.861863, 74.298712 | 3 | T8.1 | 5 |
| | 10 | 42.851733, 74.182126 | 3 | T13.1 | 5 |
| Садовое | 11(2) | 42.858067, 74.170999 | 6 | T10.1<br>T10.2 | 10 |
| | 13(4) | 42.855796, 74.187314 | 12 | T.11.1<br>T11.2<br>T.11.3.1<br>T11.3a | 20 |
| | 14 | 42.845427, 74.155090 | 3 | T12.1 | 5 |
| | 15(2) | 42.845306, 74.154847 | 6 | T14.1<br>T14.2 | 10 |
| | 16 | 42.845290, 74.154817 | 3 | T15.1 | 5 |
| | 17 | 42.845757, 74.155935 | 3 | T16.1 | 5 |
| Озерное | 18(4) | 43.036362, 74.541731 | 12 | T17.1 | 20 |
| **Жалпы:** | **30** | | **87** | | **145** |



**Фотография 3.1.** Күнөсканалардан бадырaң тамыр үлгүлөрүнүн чогултулушу

**3.2.2. Козу карын изоляциясы**

Чогултулган бадырaң тамырлары топурак бөлүкчөлөрдөн арылуу үчүн, алгач агын суунун астында жуулуп, кургатууга коюлган. Андан кийин, скальпельдин жардамы менен тамырдан инфекциялуу жерлерден 0,3-0,5 чоңдуктагы бөлүкчөлөр кесилген. Сырткы дезинфекциялоо үчүн 1% NaOCl (натрий гипохлорити) де 2-3 мүнөт чыланган, 3 жолу стерилдүү дистилденген суу менен жуулуп, стерилдүү кургатуучу кагаздарынын арасына салынып, стерилдүү кабинде кургатууга коюлган.



**Фотография 3.2.** Изоляция процессинде колдонулган тамыр чирик белгилери байкалган бадыраң тамыры

Кургатылган бөлүчөлөрүн 9 см стерилдүү Петри чөйчөкчөлөрүнө, 1/2 концентрациясындагы картошка-декстроза агарыны (PDA) тетрациклин (0,1 г/л) кошулган чөйрөгө жайгаштырылды. Бир тамырдан 5тен бөлүк ар бир Петри чөйчөкчөсүнө салынды жана 24±1°C температурада, 12 сааттык жарык/караңгы фотопериод шартында 5-7 күн инкубацияланды.



**Фотография 3.3.** Кургатылган бадыраң бөлүктөрүн картошка-декстроза агары (КДА) азык чөйрөсүнө жайгаштыруу

Бул убакыттын аягында ар бир колониядан алынган, *Fusarium*'га окшош гиф учтарынан таза картошка декстроза агар бар Петри табактарына себилип, тазаланган. Жети күндүк инкубациядан кийин өсүп чыккан изоляттардан жалгыз

спораларды бөлүү үчүн, *Fusarium* колонияларынан кээ бир мицелий фрагменттери 1.5 мл стерилдүү дистилденген суу бар Eppendorf түтүкчөсүндө аралаштырылган. Бул аралашманын 50 µL үлгүсү пипетка менен алынып, картошка декстроз агар бар 6 мм Петри идиштерине коюлган жана суспензия агар бетине бир калыпта жайылган.

Петри идиштери 45 градус бурчта 24 саатка коюлуп, 25±1°C температурада инкубацияланган. Бул убакыттын аягында алар микроскоптон x20 чоңойтуу аркылуу изилденген, тамырдын түтүгүн түзгөн ар бир бөлүкчөлөр скальпель менен кесилип, таза синтетикалык азык чөйрөсүнө өткөрүлүп, 25±1°C температурада инкубацияланган.

Бир спорадан изоляция жасалган изоляттар өскөн өстүрүү чөйрөсүнөн алынган агар бөлүктөрү +4°C температурада кыйшайган агар камтылган түтүктөрдө, ал эми чыпкалуу кагазга оролгондору -20°C температурада сакталган.



**Фотография 3.4.** Бир спора изоляция изилдөөлөрү

### 3.2.3. Морфологиялык мүнөздөмө

Бадыраң тамырларынан бөлүп алынган жана бир спорадан изоляцияланган *Fusarium* изоляттарынын түрлөрүн аныктоо максатында бардык изоляттар синтетикалык SNA азык чөйрөсүн камтыган Петри чөйчөкчөлөргө көчүрүлүп, 23±1°C температурада инкубацияга коюлган. Фиалиддердин жана конидиялардын

пайда болушун стимулдаштыруу үчүн стерилденген кургак кагаздар (1 см² өлчөмүндө) мицелийдин уч бөлүктөрүнөн 1-2 см алдына стерилденген пинцеттин жардамы менен агарга жайгаштырылган.

Мицелий өсүшү байкалган кургак кагаздын четтеринен 4-5 күндөн кийин алынган агар бөлүктөрү предметтик айнекке жайгаштырылган, үстүнө суу/лактофенол кебез көгүш эртмеси тамчылатылып, аба боштугу калбагандай кылып жабылган. Даярдалган препарат жарык микроскобунун (Novel) астында ×40 чоңойтууда каралып, фиалид түрлөрү (монофиалид/полифиалид), макроконидиялар, микроконидиялар жана хламидоспора түзүлүштөрү боюнча аныктоо ачкычтары колдонулуп, түрлөрү аныкталган [1]; [15]; [19].

### 3.2.4. ДНКны бөлүп алуу, ПЦР-амплификация жана секвенирлөө

ДНК бөлүп алуу үчүн козу карын изоляттары 25°C температурада картошка декстроза агарында өстүрүлдүгөн. Болжол менен 100 мг мицелий 2 мл көлөмдөгү эппендорф микроцентрифугалык түтүкчөчөгө (лизирлөөчү матрица C (MP Biomedicals) камтылган) салынат жана ДНК Qiagen компаниясынын DNeasy Plant топтому аркылуу бөлүнүп алынды. Тазаланган ДНК 100 мкл элюциялоочу AE буферине элюцияланып, -20°C температурада сакталып турган. Кийинки ДНК тизмеги козу карын ДНК үлгүлөрүнөн стандарттуу Taq ДНК-полимеразасы менен ПЦР-праймерлер аркылуу амплификацияланды. Бул учурда rrn оперонунун ички транскрибделүүчү бөлүктөрү (ITS), атап айтканда ITS1 жана ITS4 элементтери колдонулду жана аларга карата шарттар 1-таблицадан алынган. Жалпы ПЦР протоколу төмөнкүдөй болгон: баштапкы денатурация баскычы — 95°C температурада 2 мүнөткө, андан кийин 35 цикл — ар бири 95°Cде 45 секунда, андан соң праймердин кошулуу температурасы боюнча 45 секунда (1-таблицаны караңыз), жана ампликонго ылайык узартуу убактысы менен 68°Cде элонгация баскычы, андан соң 68°Cде 5 мүнөткө акыркы элонгация баскычы колдонулду. ПЦР-продуктунун көлөмү агароздук гель электрофорез ыкмасы менен текшерилди, ал эми ПЦР-продукттары Qiagen компаниясынын Qiaquick PCR тазалоо топтому менен тазаланган. ПЦР-продукттарды секвенирлөө Кореянын Сеул шаарындагы Sequencing Service аттуу коммерциялык кызмат көрсөтүүчү тарабынан жүргүзүлгөн.

Секвенирлөөнүн маалыматтары MEGA программасынын 6-версиясы аркылуу ар бир маркердик ген үчүн консенсус тизмекке бириктирилген. Консенсус тизмек GenBank базасында BlastN алгоритми менен издөөнүн суроо катары колдонулган.

**Таблица 3.2.** Изилдөөдө колдонудган праймерлер

| **Фрагмент** | **Праймердин ыраатуулугу** | **Отжиг температурасы (°C)** | **Элонгация убактысы (сек)** | **Ссылка** |
|---|---|---|---|---|
| ITS1 | 5’-TCCGTAGGTGAACCTGCGG | **52** | **60** | **White et al. 1990** |
| ITS4 | 5’-TCCTCCGCTTATTGATATGC | | | |

### 3.2.5. Патогендүүлүк тести

Тамыр чирик илдетинин белгилерин көрсөткөн бадыраң тамырларынан бөлүнүп алынган *Fusarium spp.* изоляттарынын патогендик өзгөчөлүктөрүн аныктоо максатында, ар бир түргө тиешелүү изоляттар арасынан 13 изолят тандалып алынган жана аймакта кеңири өстүрүлгөн "Хабар" жана "Вазниковский" сортторунун жана "Гавриш" гибрид сортунун уруктары патогендик тестте колдонулган. Бадыраңдардын мүмкүн болушунча бирдей өлчөмдө болушуна көңүл бурулган. Алгач 120°C температурада автоклавдан өткөн стрерилдүү топурактар пластик идиштерге жайгаштырылып, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин күнөсканасында өстүрүлгөн.

Фузариоз түрлөрүн аныктоо үчүн тандалган изоляттар картошка-декстроза агар чөйрөсүндө 5 күн бою өстүрүлгөн. Андан соң, *Fusarium* мицелийлерин камтыган агар бөлүктөрү стерилденген жана нымдуу стерилдүү буудайларда 25±1°C температурада 5-7 күн инкубацияланган.

Жакшы өсүп чыккандан кийин, мицелий менен капталган буудай пластик идиштерде өстүрүлгөн бадыраңдардын топурак тамыр бөлүккө-гипокотилге тийип тура тургандай кылып жайгаштырылган (Фотография 3.6). Контроль катары таза, козу карын менен жугуштурулбаган бадыраңдар колдонулган. Инкубация мезгилинин аягында идиштеги бадыраңдар 0-4 шкаласы боюнча бааланган (0: инфекция жок, 1: 1-40% жугуштуу ткань, 2: 41-60% жугуштуу ткань, 3: 61-80%

жугуштуу ткань жана 4: 80% же андан көп же бадыраңдын бүтүндөй тамыры ооруп калган) (Таблица 3.3).

**Таблица 3.3.** Патогендүүлүк тест үчүн колдонулган өсүмдүктүн илдетке чалдыгуу баалоо шкаласы

| **Баалоо шкаласы** | **Жабыркоо %** | **Ачыктоо** |
|---|---|---|
| 0 | 0% | Инфекция жок |
| 1 | 1-40% | Жугуштуу ткань |
| 2 | 41-60% | Жугуштуу ткань |
| 3 | 61-80% | Жугуштуу ткань |
| 4 | 80-100% | Бүтүндөй илдетке чалдыккан |

Андан кийин, Кохтун постулатына ылайык инокуляцияланган бадыраңдардан кайрадан патоген изоляция жасалган.




**Фотография 3.5.** a) Стерилденген топурактарда жана пластик идиштерге эгилген бадыраң уруктартардын көрүнүшү; b), c) Патогендүүлүк тест үчүн өстүрүлгөн бадыраңдар



**Фотография 3.6.** Өсүмдүк 4 жалбырак байлагандан кийинки көрүнүшү




**Фотография 3.7.** a) жана b) Патогендүүлүк тест үчүн колдонулган нымдуу буудай түтүктөрүндө өстүрүлгөн *Fusarium spp.* изоляттары c) Өсүмдүк тамырына берүү ыкмасы

### 3.2.6. Антагонисттик активдүүлүк ыкмасы

Антагонисттик активдүүлүк ыкмасында бадыраң тамырынан бөлүнгөн *Fusarium* штаммдарына каршы Т13,1; Т 5.1.1; Т11.3.1; Т14.1; Т9.1.1; Т2.3; Т6.1; Т7.2 коддогу штаммдар томат жана калемпирдин ризосферасынан бөлүнгөн *Pseudomonas putida*, *P.canavaninivorans Pseudomonas aeruginosa* бактериялары колдонулду. Петри чөйчөкчөсүнө картошка-декстроза агар куюлуп, чөйчөктүн бир тарабына

патогендик козу карын *Fusarium* spp. өстүрүлөт, экинчи тарабынана антагонисттик бактерия *Pseudomonas putida, P.canavaninivorans* жана *Pseudomonas aeruginosa* отургузулуп жана контроль катары патоген козу карындар таза Петри чөйчөкчөлөрүнө бир мезгилде отургузулат. Себилген микроорганизмдер 25±1°C температурада 5-7 күн инкубацияланган.

### 3.2.7. Статистикалык анализ

Бардык алынган маалыматтардын статистикалык анализи IBM SPSS статистикалык программасын колдонуу менен жүргүзүлдү. (26-версия, Property of SPPS, Inc., IBM Company, USA). Натыйжалар дисперсияны өзүнчө бир тараптуу талдоодон өткөрүлдү жана Turkey-HSD ($P<0.05$) тестине ылайык көрсөткүчтөрдүн ортосундагы олуттуу айырмачылыктар аныкталды.

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## ТАБЫЛГАЛАР

### 4.1. Күнөсканалардан чогултулган бадыраң тамыр үлгүлөрүнөн бөлүнгөн *Fusarium* spp. түрлөрү

Изилдөөнүн жүрүшүндө 145ге жакын изолят, ал эми алардын ичинен 13 изолят тандалып төмөндөгу илдет козгогуч түрлөр: *Fusarium oxysporum, Fusarium redolens, Fusarium proliferatum Fusarium sp.* жана *Rhizoctonia solani* аныкталды.

### 4.2. *Fusarium* spp. түрлөрүнүн морфологиялык өзгөчөлүктөрү

#### 4.2.1. *Fusarium oxysporum*

**Жыныстык фазасы:** Белгисиз. PDA чөйрөсүндө колониясы абдан ылдам өсөт, айлана-чөйрөсүндө көптөгөн мицелийлерди пайда кылат. Культуранын түсү ак түстөн баштап коюу кочкул кызгылт, көк же күлгүн кызыл түскө чейин өзгөрүшү мүмкүн (Фотография 4.1). Макроконидиялар жана микроконидиялар байкалат. Кыска чынжыр сымал фиалиддер (phialid) пайда болот. Жүргүзүлгөн өлчөмдөрдө бөлүкчөсүз микроконидиялардын өлчөмү 3,6–10,1 (орточо эсеп менен 6,3)x1,7–3,2 (2,4) мкм түзөт (Фотография 4.2). Үч бөлүктөн турган макроконидиялардын өлчөмү 18,2–35,9 (24,9) x 2,2–5,2 (3,5) мкм.



**Фотография 4.1.** *Fusarium oxysporum* козу карындын картошка декстроз агарда өсүшү



**Фотография 4.2.** *Fusarium oxysporum* дун кыска фиалиддери жана микроконидиялары

### 4.2.2. *Fusarium proliferatum*

**Жыныстык фазасы:** *Gibberella intermedia* (Kuhlman) Samuels, Nirenberg & Seifert.
**Синонимдери:** *Gibberella fujikuroi*, *Gibberella fujikuroi var. Intermedia*
Колониялары PDA чөйрөсүндө ылдам өсүп, ак топтогондой абада мицелий түзөт. Колониянын түсү ак (Фотография 4.3), кубарган кызгылт, төө жүнүнө окшогон өңдө, кийин барган сайын бозомтук-кочкул көк, кызгылт сарыдан күрөңгө чейин өзгөрүшү мүмкүн. Микроконидиялар, негизинен, бир клеткалуу болот (Фотография 4.4). Алар кыска чынжыр сымал фиалиддердин үстүндө пайда болушат. Макроконидиялар ийри формада болуп, аз санда пайда болот. Негизги клеткалары жакшы өнүккөн болуп, адатта 3–5 бөлүккө ээ. Хламидоспораны пайда кылбайт. Өлчөмдөр боюнча 0 бөлүкчөлүү микроконидиялар: 3,7–9,8 (орт. 6,2) x 1,4–2,8 (орт. 2,0) мкм.



**Фотография 4.3.** *Fusarium proliferatum* козу карындын картошка декстроз агарда өсүшү



**Фотография 4.4.** *Fusarium proliferatum* дун кыска фиалиддери жана микроконидиялары

### 4.2.3. *Fusarium redolens*

**Жыныстык фазасы:** Белгисиз. **Синонимдери:** *Fusarium oxysporum* var. *redolens*, *Fusarium redolens* var. *solani*, *Fusarium solani* var. *redolens*, *Fusarium redolens* var. *Angustius.* Колониялары PDA чөйрөсүндө тез өсөт, абада түктүү мицелий массасын пайда кылат. Культуранын түсү алгач ак болуп, кийин саргыч, кызгылт сары, кээде күрөң түскө өтүшү мүмкүн. Макроконидиялар сейрек кездешет, орок сымал формада болуп, негизги клеткасы анча өнүкпөгөн, адатта 3–5 бөлүкчөгө ээ. Микроконидиялар жалгыз клеткалуу же бир бөлүкчөлүү болуп, кыска чынжырларда фиалиддердин үстүндө жайгашат. Көптөгөн шар сымал, калың

кабыкчан кламидоспораларды пайда кылат. Өлчөмдөрү боюнча микроконидиялар: 3,5 × 2,2 мкм, макроконидиялар: 16,6 × 3,2 мкм. Культуранын өзгөчөлүгү катары — борпоң түзүлүш, 10 күндө 75–80 ммге чейин өсүшү жана ар түрдүү өсүмдүктөрдүн тамыр чиригин пайда кылуучу патоген болушу белгиленет.




**Фотография 4.5.** *Fusarium redolens* козу карындын картошка декстроз агарда өсүшү жана фиалиддери



**Фотография 4.6.** *Fusarium redolens*ин макро жана микроконидиялары

**4.2.4. *Rhizoctonia solani* Kühn**

**Жыныстык фазасы:** *Thanatephorus cucumeris* (Frank) Donk. **Синонимдери:** *Moniliopsis solani* (J.G. Kühn) R.T. Moore, 1987. Колониялары PDA чөйрөсүндө ак түстөн баштап, кара түскө чейин өзгөрүп, жүндүү абадагы мицелий массасын түзөт. Макросклероциялары 4–6 жумада пайда болуп, туура эмес формада, жарык

сарыдан карага чейин түстөрдө, диаметри 1 ммден чоңураак болот. Мицелийлеринин диаметри 4–15 мкм, көптөгөн ядролору бар, септалар 90° бурчта тармакталган жана бутактардын түп жагында кичинекей тарылуулар байкалат. Кламп байланыштары, кондиялар жана ризоморфтор жок. Жогорку температурада (18–28 °C) жакшы өсөт. Микроскопиялык изилдөөлөрдө мицелийлеринин туура 90° бурчта тармакталгандыгы жана бутактарында септалардын болушу анык байкалат. Склероцийи калың каптуу, тегиз, мицелий массасында пайда болот.



**Фотография 4.7.** *Rhizoctonia solani* козу карындын картошка декстроз агарында өсүшү



**Фотография 4.8.** *Rhizoctonia solani* мицелийи

## 4.3. Патогендүүлүк тесттин жыйынтыктары

Патогендүүлүк тест үчүн "Хабар" жана "Вязниковский" сорттук уруктар жана "Гавриш" гибрид уругунан өсүп чыккан соо өсүмдүктөр колдонулган. Ар бир жугузулган *Fusarium* изоляты үчүн 4 кайталоо жана 3 контролдук вариант (Фотография 1.9) тар катары алынып, аларга бадыраңдардын уруктары отургузулуп, пластик идиштердеги стерилдүү топурактарда өстүрүлгөн. 13 изоляттын ичинен Вязниковский сортунда 8 изолят жогорку вируленттүүлүк белгилерин көрсөткөн. Булар *Fusarium* дун төмөнкү: T11.3a; T4.2.1; T5.2; T5.1.1; T13.1; T14.2; T11.3.1; T16.1.1штаммдары болуп саналды (Фотография 1.10). Бул изоляттар менен жугузулган бадыраңдагы белгилер, баштапкы фузариоздук тамыр чиригинин негизги белгилерин: соолууну, жалбырактардын ийилип калган көрүнүшүн берди (Фотография 4.11).



**Фотография 4.9.** “Вязниковский” бадынарынын контролдук варианты




**Фотография 4.10.** a) Вязниковский сортуна карата бадырандын T11.3.1 изолятынын вирулентүүлүгү b) Вязниковский сортуна карата T4.2.1 изолятынын вирулентүүлүгү




**Фотография 4.11.** a) Вязниковский сортуна карата T11.3a; b) T5.1.1 жана c)T13.1 изоляттардын вирулентүүлүгү

“Хабар” сортунда күчтүү вируленттүү *Fusarium* штаммдарынын түрлөрү болуп: *Fusarium oxysporum* көрсөткөн.



**Фотография 4.12.** “Хабар” сортундагы бадырандын контродук варианты



**Фотография 4.13.** Хабар сортуна карата  Т 9.2.1 изолятынын вирулентүүлүгү



**Фотография 4.14.** Хабар сортундагы  Т 14.1 изолятынын вирулентүүлүгү

Жогорку 4.14-сүрөттө көрүнүп тургандай, Т14.1 штаммынын бадыраңга карата жогорку вируленттүүлүк көрсөткөнүн байкоого болот. Төртүнчү күндөн тартып, соолунун, саргаюнун белгилери күчтүү болуп, бир жуманын ичинде өсүмдүктү толугу менен өлүмгө дуушар кылган.

4.15-сүрөттөкөрүнүп тургандай, “Гавриш” гибрид сортунда патоген өсүмдүктүн сабактын моюн бөлүгүнөн жана биринчи жалбырактарында алгачкы белгилерди көрсөтүп баштаган, анткен менен 2-3 күндөн кийин өсүмдүктөр  кайра өсүүсүн улантып кетишти.



**Фотография 4.15.** Гавриш гибритиндеги бадыранга карата T 16.1 изолятынын вирулентүүлүгү



**Фотография 4.16.** Гавриш гибритине карата  T 14.2 изолятынын вирулентүүлүгү

### 4.4. Берилиштердин анализи

Оорунун белгилери эксперименттик шарттарда байкалып, ар бир үлгү үчүн илдеттин жабыркатуу даражасы балл (Disease Point – DP) менен  жана оорунун индекси (Disease Index – DI) эсептелди. 4.1-сүрөттө  ар бир сорт боюнча орточо DP

көрсөткүчтөрү берилген. Маалыматтарга ылайык, эң жогорку илдетке чалдыгуу даражасы Хабар сортунда байкалган (2,7 балл), андан кийинки орунда Вязниковский (1,8 балл), ал эми эң төмөнкү көрсөткүч Гавриш гибридинде (0,3 балл) катталды.

4.2-сүрөттө DP көрсөткүчтөрү инфекцияланган штаммдар боюнча деталдуу чагылдырылган. Диаграммада белгиленгендей, ар бир сорт *Fusarium* spp. штаммдарына ар кандай деңгээлде сезгичтүүлүк көрсөткөн. Хабар сорту көпчүлүк штаммдарга жогорку туруктуулук көрсөттү.

4.3-сүрөттө DI көрсөткүчтөрүнө токтоло турган болсок, көрсөткүч инфекциядан кийин жалпы илдеттин интенсивдүүлүгүн көрсөтөт. Бул жерде да, Хабар сорту эң жогорку DI көрсөткүчү менен алдыңкы орунда турат (55%), Вязниковский сорту орточо деңгээлде (45%), ал эми Гавриш гибриди салыштырмалуу туруктуулук көрсөттү (10%).

4.5-сүрөттө жугуштурулгандан кийинки ар бир сорттун жалпы жашап кетүү пайызы көрсөтүлгөн. Жыйынтыктарга ылайык, эң жогорку жашап кетүү даражасы Гавриш гибриддик сортто байкалды – 98–100%. Бул сорт *Fusarium* spp. козгогучуна эң туруктуу экенин дагы бир жолу тастыктады. Хабар сорту 20% деңгээлде гана жашап калды, бул анын илдеттин таасирине өтө сезимтал экенин көрсөтүп турат. Вязниковский сорту орточо көрсөткүчтү көрсөтүп, 45–50% жашап калуу деңгээлин камсыздады. Кээ бир штаммдарга жакшы туруктуулук көрсөттү.

4.6-сүрөттө *Fusarium* spp. штаммдарынын жашап калуу пайызы көрсөтүлгөн. Бул диаграмма ар бир сорттун кайсы штаммга кандайча реакция кылганын так көрсөтөт. Гавриш гибридик сорту бардык изоляттар боюнча 98–100% жашап калуу деңгээлин сактап, жогорку туруктуулукту көрсөткшн. Ал эми Хабар сорту көпчүлүк штаммдарга өтө сезимтал болуп, жашап калуу пайызы 20–40% чегинде гана болгон. Вязниковский сорту болсо, дээрлик бардык штаммдарга 50% тегерегинде орточо туруктуулук көрсөткөн.

Бул жыйынтыктар *Fusarium spp.* козгогучуна туруктуу жана сезимтал сортторду аныктоого мүмкүндүк берет. Гибриддик Гавриш сорту салыштырмалуу эң туруктуу болуп чыкты.




**Сүрөт 4.1.** DP ( илдеттин баллы) көрсөткүчү




**Сүрөт 4.2.** DP (илдеттин таралуу даражасы) көрсөткүчү




**Сүрөт 4.3.** DI ( илдет индекси) көрсөткүчү




**Сүрөт 4.4.** DI (илдеттин индекси) көрсөткүчү




**Сүрөт 4.5.** SU (жашап кетүү) көрсөткүчү




**Сүрөт 4.6.** SU (жашап кетүү) көрсөткүчү

### 4.5. Антагонисттик ыкманын жыйынтыктары

Томат жана калемпир өсүмдүктөрүнөн бөлүнгөн *Pseudomonas putida*, *P.canavaninivorans* жана *Pseudomonas aeruginosa* бактерияларынын *Fusarium spp.* козу карындарына каршы антогонисттик таасиринин алынган натыйжалары деталдуу баяндалат. Изилдөөнүн жүрүшүндө Петри чөйчөкчөлөрүндө жүргүзүлгөн кош культуралык ыкманын негизинде козу карындардын өсүшүнө бактеряның таасири бааланды. Контролдук топтогу козу карындар жана *Pseudomonas putida*,

*P.canavaninivorans* жана *Pseudomonas aeruginosa* менен кош культуралык ыкмада өстүрүлгөн козу карындар бир убакытта Петри табактарына отургузулду.

Т13.1 штаммы *F. redolens* козу карындын өсүү диаметри 7.5 смге жетти. Кош культурада өсүү зонасы 4 смге чейин кыскарган (Фотография 4.17).




**Фотография 4.17.** а) Т13.1 штаммы b) *F. redolens* козу карын штаммы *Pseudomonas putida* бактериясы менен кош культурадагы көрүнүшү с) Арткы көрүнүшү

Т 11.3.1 *F.oxysporum* штаммы өсүү 6.5 смди түздү. *Peudomonas canavaninivorans* менен өскөн козу карындын үлгүлөрүндө козу карындын өсүшү 3.5 смге чейин төмөндөгөн (Фотография 4.18).




**Фотография 4.18.** а) Т11.3.1 штаммы b) *F.oxysporum* козу карын штаммы *Pseudomonas canavaninivorans* бактериясы менен кош культурадагы көрүнүшү с) Арткы көрүнүшү

Т 9.1. *F.oxysporum* штаммы козу карындын өсүү диаметри 7 см болгон. Антогонисттик *Pseudomonas canavaninivorans* бактериянын таасири астындагы козу карындын көрсөткүчү 5 см чейин төмөндөгөн (Фотография 4.19).




**Фотография 4.19.** a) T9.1. штаммы b) *F.oxysporum* козу карын штаммы *Pseudomonas canavaninivorans* бактериясы менен кош культурадагы көрүнүшү c) Арткы көрүнүшү

T 7.2 *Fusarium* sp. штаммы козу карын 7 см чейин өскөн. Бирок *Pseudomonas aeruginosa* менен аракеттенгенде өсүү зонасы 5.5 см чейин чектелген (Фотография 4.20).




**Фотография 4.20.** a) T7.2. штаммы b) *Fusarium* sp. козу карын штаммы *Pseudomonas aeruginosa* бактериясы менен кош культурадагы көрүнүшү c) Арткы көрүнүшү

T 6.1. *Fusarium proliferatum* штаммы 8.3 см өсүш байкалган. *Pseudomonas putida* кошулган шартта козу карындын өсүү аймагы 4 чейин кыскарган (Фотография 4.21).




**Фотография 4.21.** а) Т6.1. штаммы b) *Fusarium proliferatum* козу карын штаммы *Pseudomonas putida* бактериясы менен кош культурадагы көрүнүшү с) Арткы көрүнүшү

Т 2.3. *Fusarium redolens* штаммы 6.5 см өсүш байкалган. *Pseudomonas aeruginosa* кошулган шартта козу карындын өсүү аймагы 3.5 чейин кыскарган (Фотография 4.22).




**Фотография 4.22.** а) Т2.3. штаммы b) *Fusarium redolens* козу карын штаммы *Pseudomonas aeruginosa* бактериясы менен кош культурадагы көрүнүшү с) Арткы көрүнүшү

Т 14.1 *Fusarium oxysporum* штаммы 6.5 см чейин өскөн. Бирок *Pseudomonas Putida* менен аракеттенгенде өсүү зонасы 4.2 см чейин чектелген (Фотография 4.23).




**Фотография 4.23.** a) Т14.1. штаммы b) *Fusarium oxysporum* козу карын штаммы *Pseudomonas putida* бактериясы менен кош культурадагы көрүнүшү с) Арткы көрүнүшү




**Сүрөт 4.7.** Кош культурада *Fusarium spp.* штаммдары *Pseudomonas* spp. бактериясы антагонист катары аракети

## 4.6. ДНК тесттин жыйынтыгы

Изилдөөгө алынган *Fusarium* штаммдарынын ДНК үлгүлөрү молекулярдык ыкма менен анализденди. ITS-райондорунун негизинде жүргүзүлгөн ПЦР анализинин жыйынтыгында *Fusarium oxysporum, Fusarium proliferatum, Fusarium redolens* жана *Fusarium* sp. түрлөрү так аныкталды. Ошондой эле бир үлгүдө *Rhizoctonia solani* козгогучу табылды. Алынган натыйжалар морфологиялык аныктамалар менен дал

келди жана молекулярдык иденфикация жана молекулярдык иденфикация жүргүзүү штаммдардын так түрүн аныктоодо маанилүү экенин көрсөттү.




**Фотография 4.24.** ITS1/ITS4 праймеринин жардамы менен аныкталган *Fusarium* уруусундагы козу карын түрлөрү

4.24 – фотографияда көрүнүп тургандай, бадырандын тамыр чиригин чакырган патогендердин *Fusarium* уруусундагы козу карындар экендиги секвенирлөөнүн маалыматтарын MEGA программасынын 6-версиясы аркылуу анализденип, GenBank базасында BlastN алгоритми менен тастыкталды.

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## ТАЛКУУЛАР ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАР

Бул изилдөөдө Чүй облусунун ар кайсы райондорундагы (Кара-Балта, Александровка, Садовое, Беловодское ж.б.) күнөсканада өскөн бадыраң өсүмдүк тамыр бөлүктөрүнөн *Fusarium* тукумундагы козу карындардын бөлүнүп алынганы жана алардын айрым штаммдарынын патогендик касиеттери аныкталды. Изилдөөнүн жыйынтыгында *Fusarium spp.* ичинен *Fusarium oxysporum* көбүнчө Садовое жана Беловодское айылдарынан бөлүнүп алынган. Бул болсо аталган патогендердин бул аймактарда жайылып гана тим болбостон, башка жактарга да таралышы мүмкүн экенин көрсөтөт. Мындай көрүнүштү күнөсканалардын конструкциялык талаптарга жооп бербегени, топурактын фитосанитардык абалынын начардыгы жана дыйкандардын агрономиялык билиминин жетишсиздиги менен түшүндүрүүгө болот [8]; [22].

Мурдагы илимий иштерде да *Fusarium oxysporum* патогени көбүнчө сактоочу жайларда жана ачык талааларда кургак илдеттердин негизги козгогучу экени маалым болгон [11]; [32]. Мындан тышкары, Кытайда жана АКШда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө *F. sambucinum* жана *F. avenaceum* эң көп кездешкен жана алардын арасында *F. sambucinum* эң вируленттүү түр катары аныкталган [9]; [6].

Биздин иштин алкагында жүргүзүлгөн антогонисттик тесттердин жыйынтыгында, *Pseudomonas spp.* бактериясы Садовое айылынан бөлүнүп алынган *F. oxysporum* T11.3.1 штаммына каршы жогорку деңгээлде басаңдатуучу таасир көрсөткөн. Бул өз кезегинде биопрепараттарды иштеп чыгууга негиз боло алат. Мындай биологиялык ыкмалар башка изилдөөлөрдө да ийгиликтүү колдонулуп келет. Мисалы, *Trichoderma harzianum* жана *Bacillus subtilis* сыяктуу микроорганизмдер *Fusarium* spp. козгогон илдеттерге каршы натыйжалуу биоконтролдук каражаттар экени далилденген [14]; [13].

Ал эми үрөндөр боюнча алынган жыйынтыктарга таянсак, Вязниковский жана Хабар сортторунун *Fusarium* козу карындарына болгон сезимталдыгы жогору болгон, ушундай касиетинен улам, туруктуулугу төмөн болуп, өлүмгө 7 сутканын

ичинде дуушар болгон. Ошол эле учурда, Гавриш гибриддик сорту тамыр чирик илдеттин белгилерин баштапкы стадияда көрсөткөнү менен, 3 стукадан кийин жашап кетүүгө жөндөмдүү экендиги, илдетке туруктуулук жаратаары аныкталды Бул болсо гибриддик үрөндөрдүн иммундук системасы күчтүүрөөк экенин жана сапаттуу үрөн тандоонун маанилүүлүгүн көрсөтөт [5]; [28].

Мындан тышкары, изилдөөлөр көрсөткөндөй, жер семирткичтерди жана фунгициддерди туура эмес колдонуу, б.а. дарылоону илдеттин белгилери байкалгандан кийин гана колдонуу — козу карындардын туруктуулугунун калыптанышына алып келет деп айтууга болот. Бул тенденция дүйнөлүк масштабда да байкалган жана көп учурда туруктуу патоген популяцияларынын жаралышына себеп болот [4].

Ошондуктан, Чүй облусундагы фермерлерге агрономиялык билим берүү, экологиялык таза биокаражаттарды тааныштыруу жана сапаттуу гибриддик үрөндөрдү колдонуу аркылуу *Fusarium* сыяктуу илдеттерге каршы туруктуу системаларды калыптандыруу мүмкүн.

# КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР

Бул изилдөөнүн негизги максаты Чүй облусундагы ачык жана жабык шарттарда жашылча өстүрүлүүчү аймактарда *Fusarium* тукумундагы козу карындардын жайылышын, алардын түрдүк курамын, патогендик касиеттерин жана аларга каршы күрөшүүнүн биологиялык жолдорун аныктоо болду. Изилдөө иштери Кара-Балта шаары жана Вознесеновка, Садовое, Беловодское, Озерное, Александровка айылдарында жүргүзүлдү. Жалпысынан 30 күнөсканадан 145 изолят алынган. Алардын ичинен *Fusarium* түрлөрү морфологиялык жана молекулярдык ыкмалар менен иденфикацияланды.

Ал жыйынтыктын негизинде, *Fusarium* тукумундагы козу карындардын ичинен *F. oxysporum*, *F. proliferatum* жана *F. redolens* эң көп кездешкен түрлөр катары аныкталды. Бул козу карындардын Беловодский, Садовое, Кара-Балта жана Александровка өңдүү аймактарда да кеңири жайылып жатканы байкалган. Мындай абал аймактагы күнөсканалардын талапка ылайык курулбаганы, агротехникалык иш-чаралардын жетишсиз жүргүзүлүшү жана дыйкандардын агрономия тармагындагы билим деңгээлинин төмөндүгү менен шартталып жатканы белгилүү болду.

Топуракка алдын ала дарылоо жүргүзүлбөгөндүктөн, *Fusarium* козу карындары узак убакыт бою сакталуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, илдеттин кайрадан кайталанышына себеп болууда. Пестициддердин туура эмес колдонулушу козу карындардын химиялык каражаттарга туруктуулугун арттырып жатканы да аныкталды.

Аталган илдетке каршы биологиялык күрөшүү ыкмаларынын алкагында Садовое айылынан бөлүнүп алынган *F. oxysporum* T11.3.1 штаммына каршы *Pseudomonas putida, Pseudomonas canavaninivorans, Pseudomonas aeriginosa, Pseudomonas sp.* бактериясы эффективдүү таасир көрсөткөнү белгиленди. *Pseudomonas* тукумундагы бактериялар өсүмдүк патогендерине каршы комплекстүү коргонуу механизмдерин колдонушат. Алар тарабынан бөлүнгөн гидролиттик ферменттер (хитиназа, протеаза, глюканаза ж.б.) зең козгогучтардын клетка дубалын бузуп,

алардын тиричилигин токтотот. Ошондой эле, сидерофорлор (пиовердин, пиохелин) темирди өзүнө тартып алуу аркылуу патогендер үчүн темир жетишсиз шарт түзүп, алардын өсүшүн басаңдатат. Мындан тышкары, антибиотиктер (феназиндер, пиолютеин, 2,4-DAPG ж.б.) патогендердин клеткасынын түзүлүшүнө, дем алуусуна жана зат алмашуусуна түздөн-түз таасир берип, аларды жок кылат. Натыйжада, *Pseudomonas* бактериялары патогендерге каршы күчтүү биоконтрол агенти катары өзгөчөлөнөт. Ошондуктан жер семирткич катары биопрепараттарды даярдап, экологиялык жактан таза, туруктуу күрөшүү чараларын өнүктүрүү мүмкүн экендигин көрсөтөт.

Уруктарга жасалган анализдердин негизинде эки сорттук (Вязниковский, Хабар) жана бир гибриддик (Гавриш) сорт *Fusarium* менен жабыркаганы аныкталды. Сорттук урук илдетке туруштук бере албаса, Гавриш гибриддик сорту белгилүү деңгээлде илдетке каршы күрөшүп, өсүүсүн уланта алды. Бул сапаттуу гибриддик уруктардын маанилүүлүгүн баса белгилейт. 11.3.1 *Fusarium oxysporum* штаммы жогорку вируленттүүлүк көрсөттү үч сортто тең. Орточо вируленттүүлүк 9.2 штаммы *Fusarium oxysporum*'дун тарабынан байкалса, салыштырмалуу төмөн вируленттүүлүк 14.2 штаммы *Fusarium redolens* түрү тарабынан көрсөтүлдү.

Жыйынтыктап айтканда, *Fusarium* козу карындары Чүй облусунда жашылча өндүрүүчүлөр үчүн олуттуу коркунуч жаратууда. Аларды көзөмөлдөө жана жайылышын чектөө үчүн дыйкандарды окутуу, биокаражаттарды кеңири колдонуу, сапаттуу гибриддик уруктарды тандоо жана заманбап күнөсканаларды куруу талап кылынат.

Мындан тышкары, *Fusarium* уруусундагы козу карындарынын жашоо циклин, таралуу өзгөчөлүктөрүн жана алардын өсүмдүк тамыр системасына тийгизген таасирин тереңирээк изилдөө зарылдыгы байкалууда. Бул келечектеги илимий иштердин жүргүзүлүшү *Fusarium* менен байланышкан илдеттердин алдын алууга, ошондой эле дыйкан чарбаларындагы түшүмдүүлүктү жогорулатууга өбөлгө түзөт. *Fusarium* козу карындарынын генетикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо, алардын биотүрдүүлүгүн классификациялоо жана климаттык өзгөрүүлөр менен болгон байланышын изилдөө да маанилүү маселелерден болуп саналат.

Ошондой эле дыйкандарга биологиялык күрөш ыкмалары, айлана-чөйрөгө зыян келтирбеген биопрепараттарды колдонуу тууралуу таасирдүү маалымат берүү, семинарлар жана практикалык тренингдерди уюштуруу сунушталат. Бул илдетке туруктуу жашылча сортторун тандоо жана аларды жергиликтүү шарттарда сыноо – келечектеги таасирдүү алдын алуу чараларынын бири болушу мүмкүн. Мунун баары республикабыздагы агрардык өндүрүштүн туруктуулугун камсыз кылууга багытталат.

Ошондой эле сапаттуу, *Fusarium* уруусундагы козу карындар чакырган тамыр чирик илдетине туруктуу гибриддик үрөндөрдү колдонуу — илдеттин жайылышын алдын алуудагы негизги ыкмалардын бири болуп саналат. Жергиликтүү шарттарда сынактан өткөн, туруктуулугу далилденген үрөндөрдү кеңири колдонуу сунушталат. Ар түрдүү аймактар үчүн ылайыктуу, бул илдетке туруктуу сорттор айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн арттыргууга өбөлгө түзөт.

# АДАБИЯТТАР


1. Anonymous, 2024. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. 2024. Accessed March 4, 2025. www.stat.kg
2. Booth, C. 1971. *The Genus Fusarium.* Kew, UK: Commonwealth Mycological Institute.
3. Bora, T., & Karaca, G. (1970). Bitki hastalıkları sürveyi kültür bitkilerinde hastalığın ve zararın ölçülmesi. *Ege Üniversitesi Ziraat Fakültesi Yardımcı Ders Kitabı, Yayın*, *167*.
4. Brook, R. M., A. D. Booth, and M. J. Lewis. 1995. *Storage and Sprouting of Potatoes*. London: Academic Press.
5. Butchbaker, A. F., T. R. Smith, and W. L. Thompson. 1967. "Controlled Atmosphere Storage of Potatoes." *American Potato Journal* 44: 87–95.
6. Cullen, D. W., Lees, A. K., Toth, I. K., & Duncan, J. M. 2012. "Detection of pathogenic Fusarium spp. using real-time PCR." *Phytopathology* 92 (7): 851–860.
7. Domsch, K. H., Gams, W., and Andersom, T. H. 1980. *Compendium of Soil Fungi*. New York: Academic Press.
8. Erper, I., Mutlu, M., & Altinok, H. H. 2022. "First report of Fusarium sambucinum causing dry rot on stored potatoes in Kyrgyzstan." *Plant Disease Notes* 106(8): 2230.
9. Estrada, R. A., Yuen, G. Y., & Harveson, R. M. 2019. "Survey of Fusarium species associated with potato dry rot in Nebraska." *Plant Disease* 103 (1): 85–91.
10. FAOSTAT. 2024. "Food and Agriculture Organization Statistical Database." Accessed March 4, 2025. http://www.fao.org/faostat/en/#data/QC.
11. Gachango, E., Matheron, M. E., & Porchas, M. 2012. "Fusarium spp. associated with dry rot of potato tubers in Arizona." *Plant Health Progress* 13 (1): 28–33.
12. Garibaldi, A., Gilardi, G., Ortu, G., and Gullino, M. L. "First Report of *Fusarium oxysporum* f. sp. *radicis-cucumerinum* Causing Wilt on Cucumber (*Cucumis sativus* L.) in Italy." *Center of Competence AGROINNOVA and DISAFA, University of Torino*.

13. Gavrilova, O., Makarova, N., & Romanenko, N. 2020. “Biological control of Fusarium wilt with Trichoderma and Bacillus strains.” *Microbial Pathogenesis* 147: 104344.

14. Gerlach, W., and H. Nirenberg. 1982. *The genus Fusarium – A Pictorial Atlas*. Berlin: Paul Parey.

15. Gott, K. P., Burgess, L. W., Balmas, V., and Duff, J. 1994. "Mycogeography of *Fusarium*: *Fusarium* Species in Soils from Palm Valley, Central Australia." *Australasian Plant Pathology* 23: 112–17.

16. Jones, J., Smith, T., and Richards, L. 2020. "Pseudomonas *syringae*: Pathology and Management in Cucumbers." *Agricultural Research Journal* 32 (4): 223–30.

17. Karimi, K., Amini, J., Harighi, B., and Bahramnejad, B. 2004. "Evaluation of Biocontrol Potential of *Pseudomonas* and *Bacillus* spp. Against Fusarium Wilt of Chickpea." *Canadian Journal of Microbiology* 52 (6): 557–63. https://doi.org/10.1139/w04-068.

18. Kim, X., et al. 2019. "Management of Downy Mildew in Greenhouses." *Journal of Plant Protection*.

19. Leslie, J. F., and Summerell, B. A. 2006. "Fusarium Laboratory Workshops—A Recent History." *Mycotoxin Research* 22 (2): 73–74.

20. Menzies, J. G., Ehret, D. L., Koch, C., Hall, J. W., Seifert, K. A., Bissett, J., and Barr, D. J. S. 2005. "Fungi Associated with Roots of Cucumber Grown in Different Greenhouse Root Substrates." *Canadian Journal of Botany* 82 (2): 285–99. https://doi.org/10.1139/b04-195.

21. Redda, E. T., Ma, J., Mei, J., Li, M., Wu, B., and Jiang, X. 2018. "Biological Control of Soilborne Pathogens (*Fusarium oxysporum* f. sp. *cucumerinum*) of Cucumber (*Cucumis sativus*) by *Trichoderma* sp." *Journal of Life Sciences* 12: 1–12.

22. Sharifi, K., Farrokhi-Nejad, R., & Poursafar, A. 2018. “Fusarium spp. on potato in Iran and their pathogenicity.” *Iranian Journal of Plant Pathology* 54(1): 75–85.

23. Shimomura, K., Horie, H., Sugiyama, M., Kawazu, Y., and Yoshioka, Y. 2016. "Quantitative Evaluation of Cucumber Fruit Texture and Shape Traits Reveals Extensive Diversity and Differentiation." *Scientia Horticulturae* 199: 133–41.

24. Smit, K., et al. 2018. "Soil-Borne Diseases of Cucumbers: *Fusarium oxysporum*." *Plant Pathology Bulletin* 25 (7): 111–19.
25. Smith, L., and Robinson, T. 2020. "Fusarium Root and Stem Rot of Cucumber." *Bayer Vegetables Research Reports*. https://www.vegetables.bayer.com/us/en-us/resources/disease-guides/cucurbit/fusarium-root-stem-rot-cucumber.html.
26. Stancheva, J. 2005. *Атлас болезней сельскохозяйственных культур. Том 1. Болезни овощных культур.* София.
27. Valcarcel Germes, J. V., Pérez de Castro, A. M., Díez Niclós, M. J. T. D. J., and Peiró Barber, R. M. 2018. "Molecular Characterization of the Cucumber (*Cucumis sativus* L.) Accessions Held at the COMAV's Genebank." *Spanish Journal of Agricultural Research*, 1–11.
28. van Es, A., and K. J. Hartmans. 1987. "Storage of potatoes in controlled atmosphere." *European Potato Journal* 30(3): 145–154.
29. Vatchev, T. D. 2015. "Fusarium Root and Stem Rot of Greenhouse Cucumber: Aerial Distribution of Inoculum." *Bulgarian Journal of Agricultural Science* 21: 650–54.
30. White, R. P., Taylor, J., and Green, B. 2022. "Anthracnose Disease in Cucumbers: Causes, Prevention, and Management." *Journal of Phytopathology* 45 (2): 98–106.
31. Yang, W., Wang, L., Li, X., Yan, H., Zhong, B., Du, X., and Luo, Y. 2024. "Biological Control Potential of *Bacillus subtilis* Isolate 1JN2 Against Fusarium Wilt on Cucumber." *Horticulturae* 10 (8): 843.
32. Yikılmazsoy, E. 2021. "Fusarium species causing dry rot in potatoes grown in İzmir, Turkey." *Plant Pathology Journal* 37(2): 117–124.
33. Zhao, L., Hu, J., Huang, Y., Wang, H., Adeleye, A., Ortiz, C., and Keller, A. A. 2017. "1H NMR and GC–MS Based Metabolomics Reveal Nano-Cu Altered Cucumber (*Cucumis sativus*) Fruit Nutritional Supply." *Plant Physiology and Biochemistry* 110: 138–46.
34. Ахатов, А. К., Ганнибал, Ф. Б., и Мешков, Ю. И. 2013. *Болезни и вредители овощных культур и картофеля*. Москва: Товарищество научных изданий КМК.

35. Блинов, А. Г., и Иванов, В. А. 1997. "Способ защиты растений от фитопатогенов с использованием *Bacillus subtilis*." Патент РФ № 2081167. https://patents.google.com/patent/RU2081167C1/ru.

36. Кокулина, Е. М. 2008. "Биологическая защита огурца на малообъемном субстрате в теплицах Предуралья." *Вестник защиты растений*, no. 4: 49–50.

37. Кузина, Е. В., Давлетшин, Т. К., Силищев, Н. Н., & Логинов, О. Н. (2011). Биологическая защита огурцов и томатов тепличного грунта от корневых гнилей. *Вестник ОГУ*, (12 (131)), 198.

38. Мусаев, Р. 2019. *Кыргызстанда жашылча өстүрүү технологиялары*. Жалал-Абад: Кыргызстан басмасы.

39. Орлова, О. Н. 2015. "Биологическая защита огурца от корневых гнилей в плёночных теплицах 3-й световой зоны." Россиялык илимий-изилдөө институту. https://www.dissercat.com/content/biologicheskaya-zashchita-ogurtsa-ot-kornevykh-gnilei-v-plenochnykh-teplitsakh-3-i-svetovoi.

40. Өмүралиева, Г. 2020. *Кыргызстандын айыл чарбасы: Жашылча-жемиш өстүрүүнүн экономикалык мааниси*. Бишкек: Ала-Тоо басмасы.

41. Токтомаматов, К. 2018. *Жашылчалардын адам саламаттыгындагы ролу*. Ош: Маданият басмасы.

## РЕЗЮМЕ

**ЖЕКЕ МААЛЫМАТ:**

**Аты-жөнү:** Аманбаева Нураида Нурадиловна

**Жарандыгы:** Кыргыз

**Туулган күнү жана жери: 16**.09.2000, Кыргызстан, Жалал-Абад шаары

**Телефон номери:** +996706120170

**Электрондук почта:** amanbaevanuraida16@gmail.com

**Билими**

**Бакалавр:** Кыргыз-Түрк "Манас" Университети, 2018-2023-ж.

**Орто мектеп:**

1. 1-4-класстар –Ч. Айтматов атындагы №1 орто мектеп, 2007-2012-ж.
2. 5-11-класстар Ю.А.Гагарин атындагы №4-инновациондук гимназия, 2012-2018-ж.

**ЧЕТ ТИЛДЕР:** Орусча, Түркчө, Англисче

**БАСЫЛМАЛАР (публикациялар)**

1. **"Чүй облусундагы күнөсканаларда өстүрүлгөн бадыраңдардын тамыр чиригин чакырган *Fusarium* уруусунун түрлөрүн бөлүп алуу жана алардын патогендүүлүк касиетин аныктоо"** аттуу темада англис тилинде макала жазгам. "Наука, новые технологии и иновации Кыргызстана №7, 2024.